"Акжарыктын айыкпаган сынысы"

Самсак Станалиевдин адамзаттын залкар ойчул калемгери Чыңгыз АЙТМАТОВдун өмүрүнө, тагдыр-турмушуна, чыгармачылыгына, ошондой эле ал жашаган мезгил тарыхына, адабиятыбыздын өнүгүш жолундагы оош-кыйыштарга арналган "Акжарыктын айыкпаган сынысы" аттуу тарыхый-биографиялык роман трилогиясынын бет ачары 30-мартта Илимдер академиясында өтөт.

Аталган трилогия ишенимдүү жана такталган факты-маалыматтардын негизинде көркөм чагылдырылган. Ошондой эле улуу жазуучунун замандаштары, адабият менен маданияттын көрүнүктүү классиктери менен болгон карым-катышы, мамилеси турмуш чындыгы катары реалдуу сүрөттөлөт.

Бул чыгарма жазуучу С.Станалиевдин кыргыз интеллигенциясынын тарыхы менен анын залкар инсандары жөнүндөгү тарыхый-биографиялык романдар сериясынын үчүнчүсү болуп саналат. Китептин баш сөздөрүн Жогорку Кеңештин депутаты Р.Момбеков жана академик А.Акматалиев жазган. Бул тууралуу академиянын басма сөз кызматы кабарлады.

Университеттер аралык дебаттык турнир өттү

К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинде улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгына арналган «Айтматов жана коом» аттуу университеттер аралык дебаттык турнир өткөрүлдү.

Оюнга Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин, Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Башкаруу академиясынын, Кыргыз мамлекеттик Юридикалык академиясынын, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин студенттери катышкан 40 спикерден турган 20 команда ат салышты. Жыйынтыгында 20 командадан финалдык оюнга төрт команда чыгып, алардын ичинен 3-орунга "Дами и Жама" командасы – Бахтиярова Бегайым (БГУ), Сабырбеков Чолпонбек (КТУ "Манас"), 2-орунга – "Талант эмес аракет" командасы – Эгембердиева Руфина (БГУ), Жумамидинов Кубан (АГУП КР) ээ болушса, "СПФ - 2018" кубогуна Мустапакулова Дильфуза (КМУ), Абдылдаева Зулайка (БГУ) "Коркунуч ханышалары" командасы татыктуу боло алышты. Оюн жүрүшүн адилеттүү калыс таразалагандыгы үчүн КТУ "Манастын" студенти Темирболотова Эркайым "Мыкты сот" наамына ээ болду. Ой-жүгүртүүсүндөгү өзгөчөлүгү жана ораторлук чеберчилиги менен айырмаланган БГУнун студенти Элтуран Өмүрзаков "Мыкты спикер" наамына татыктуулугун көрсөттү.

ОГПИде Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата жумалык өтүп жатат

Ош гуманитардык-педагогикалык институтунда залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгына арналган бир жумалыктын алкагында түрдүү иш-чаралар өтүп жатат. Жумалыктын алкагында "Сени тааныгандар жашап жатканда сен тирүүсүң" аттуу адабий кечеси уюштурулду. Бул тууралуу окуу жайдын маалымат катчысы кабарлады.

Иш-чарада Айтматовдун "Саманчынын жолу", "Эрте келген турналар", "Кызыл алма", "Кылым карытар бир күн" сыяктуу чыгармаларынан кыска эпизоддор англис тилинде көрүүчүлөргө тартууланды. Мындан тышкары жазуучунун өмүр-чыгармачылыгын чагылдырган студенттердин колунан жаралган сүрөттөрдүн көргөзмөсү уюштурулуп, Айтматовдун документалдуу фильмдери студенттерге тартууланды.

Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университеттин студенттери мээримдүүлүк акциясын өткөрүштү

28-мартта Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университетинин Эл аралык Медициналык колледжинин студенттери Сузак районунун Октябрьское айылындагы Улгайган жана ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын социалдык мекемесине барып келишти.

Алар аталган мекемеге мөмө-жемиштерди, таттуу азыктарды, азык-түлүк жана кийим-кечелерди алып барышып, карыларды кубанычка бөлөштү. Муну менен бирге, бөлмөлөрдө жыйноо-тазалоо иштерин жүргүзүшүп, оорулууларга бир катар медициналык жана гигиеналык жардамдарын беришти. Өз алдынча баспагандарды коляскалар менен сейилдетишип, аларга концерт тартуулашты. Бул тууралуу окуу жайдын коомчулук менен байланыш кызматы билдирди.

Двукратная чемпионка по армрестлингу

Студентка Кыргызского экономического университета имени М.Рыскулбекова стала двукратной чемпионкой республики по армрестлингу.

В этом университете немало талантливых и именитых спортсменов, которые удачно выступают на международной спортивной арене. Поднимая имидж не только КЭУ, но и Кыргызстана в целом. К таким студентам теперь можно отнести и Уржанову Токтобюбю, студентку 3 курса. Которая являясь новичком в этом виде спорта, стала двукратным обладателем золота Республиканского чемпионата, тем самым она завоевала лицензию на Летние Азиатские игры - 2018, которые пройдут 18 августа 2018 года в Джакарте, Индонезия.

Ректор университета Т.К. Камчыбеков поздравил студентку и пожелал стойкости духа и дальнейших побед.

КУУда жаңы мыйзамдар талкууланды

27-мартта Ж.Баласагын атындагы КУУнун юридикалык факультети "КРнын Жаңы жазык процессуалдык мыйзамдары: көйгөйү жана келечеги" аттуу тегерек стол өткөрдү.

КР сот жана укуктук реформасынын алкагында жаңы мыйзамдарды ар тараптуу талкуулоо максатында уюштурулган иш-чарада жаңы Кылмыш-жаза Кодекси, сот ишинин жүрүшүнүн тартибин талкуулоо, республикадагы сот ишин көзөмөлгө алуу, Кылмыш кодекси, Сот институтунун ишмердиги, Жаңы жазык процессуалдык кодекс боюнча сотко чейинки өндүрүштүн ишин арттыруу сыяктуу бир катар маселелер талкууланды. Иш-чарага ЖК депутаттары, КР Жогорку сотунун, КР Генералдык прокуратурасынын, укук коргоо органдарынын өкүлдөрү, жогорку окуу жайлардын окумуштуулары катышты.

"Жаңы кабыл алынган мыйзам 2019-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет. Жыл өткөн сайын кылмыштын түрү жана саны көбөйүп жаткандыктан Кылмыш-жаза Кодекси өзгөрүүгө тийиш болгон. Анткени кээ бир учурда кылмыш иштери кылмыш болуп саналбай калат. Себеби күнөөкөр менен жабырлануучу өз ара макулдашып алып сот органдарына кайрылбай коюшат. Ошондой эле бул мыйзам адамдын өмүрү, эркиндиги жана кызыкчылыгы менен тыгыз байланышта болгондуктан, 2012-жылы Президент атайын Кылмыш кодексин өзгөртүү максатында администрациялык комиссия түзгөн. Ошонун негизинде иш-аракеттер башталган. Комиссия үч жыл иштеп, жыйынтыгы 2016-жылы 22-декабрда Жогорку Кеңеш тарабынан жактырылып, Президент тарабынан 2017-жылы колдоого алынды. Бул иш-чаранын максаты болсо жаңы мыйзамдарды коомго жеткизип, элге сиңирүү болду", - дейт КУУнун юридика факультетинин кылмыш процесси жана сот экспертизасы кафедрасынын башчысы Толкун Салымбекова.

Эл аралык On-Line конференциясы

23-мартта Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университети жана Түштүк Кытай технологиялык университети менен биргелешип "Эл аралык жана улуттук экономикалык программалар Кыргыз Республикасынын аймактарын өнүктүрүү аспабы катары" атту эл аралык On-Line конференция өткөрүштү.

Иш-чаранын максаты - азыркы шартта Кыргызстандын аймактарын өнүктүрүүнүн актуалдуу маселелерин талкуулоо болуп саналат. Конференцияга Кыргызстандын, Кытайдын, Малайзиянын, Тажикстандын, Монголиянын, Бангладештин, Замбиянын, Камбоджанын, Эфиопиянын жана Лаостун илимпоздору менен адистери катышып, бир катар маанилүү маселелерди талкуулашты.

Бетти даярдаган Ч.КИЙИЗБАЕВА, "Кутбилим"

Уважаемый господин Андрей Андреевич,

от имени Национального центра детей и юношества «Сейтек» и участников XVIII Международного мастер-класса по хореографии примите наше глубокое соболезнование по случаю большой трагедии в г. Кемерово в торговом центре «Зимняя вишня». Наши искренние сочувствия - семьям, друзьям, близким, коллегам по работе, всем жителям города.

Мы скорбим вместе с сотрудниками Посольства Российской Федерации в Кыргызской Республике, со всем российским народом и всеми людьми земли, кто искренне переживает эту трагедию вместе с народом России. В ответ на эту беду мы должны сплотиться вокруг народа России, Президента Владимира Владимировича Путина и стараться проверять каждый шаг, чтобы подобного не происходило нигде.

Жители г. Кемерово, мы скорбим вместе с Вами.

С глубоким уважением, Посол РФ в КР А.А.Крутько от имени коллектива "Сейтек" директор С. Челпакова

Бишкек гуманитардык университетинин ректораты жана профессордук окутуучулар курамы А.Осмонов атындагы Улуттук китепканандын директору Бакашова Жылдыз Кемеловнага **атасы Кемел Бакашовдун** дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу көңүл айтып, аза кайгысын тең бөлүшөбүз.

"Кут Билим" газетасы агартуучулар менен байланышты чыңдоо максатында атайын WhatsApp группа ачты. Бул жакта бардык жаңылыктар менен бөлүшүп, суроолор менен кайрылып